**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ №10**

**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги V сессиясы**

**Ноокат шаары** **17-январь 2025-жыл**

**Ноокат шаарынын Курманжан-Датка мектепке чейинки билим берүү мекемесине акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Ноокат шаарынын мэриясы мекемесине караштуу Курманжан-Датка мектепке чейинки билим берүү мекемесине аба-ырайы кескин сууп кеткендигине байланыштуу техникалык мүчүлүштүктөрдөн жаралган кырдаалдан чыгуу үчүн райондук комиссиянын корутундусуна ылайык кечиктирилгис чараларды көрүү максатында акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө Ноокат шаардык кеңешинин "Бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын берген тактамасынын негизинде "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесине ылайык, сессиянын отурумундагы депутаттардын сын пикирлери менен сунуштарын эске алып, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Ноокат шаарынын мэриясы мекемесине караштуу Курманжан-Датка мектепке чейинки билим берүү мекемесине утурумдук ондоп-түзөө жумуштарына 490 000 сом акча каражатын ажыратылып берилсин.

2. Ноокат шаарынын мэриясы мекемесине караштуу Курманжан-Датка мектепке чейинки билим берүү мекемесине 2222-беренесине 54 100 сом акча каражаты электр энергиясынын жабдуулары үчүн ажыратылып берилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кенешинин бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М.Эгембердиев**